КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

ЫСЫК-АТИНСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз X (онунчу) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 05-сентябры №45/X-29** **Алмалуу айылы**

**Кыргыз Республикасынын “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамын аткаруу тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарды тартипке келтирүү боюнча чараларды өткөрүү жөнүндө” №54 Жарлыгы жана “Тынчтык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында, Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айыл аймагында төмөнкү тартип белгиленсин:
   - иш күндөрү саат 22:00дөн 07:00гө чейин ашыкча ызы-чуу чыгарууга тыюу салынсын ;
   - эс алуу жана майрам күндөрү – саат 22:00дөн 09:00гө чейин ;
   - өзгөчө учур -31-декабрдан 1-январга караган түнү -саат 04:00го чейин жол берилет.
2. Айыл өкмөттүн кызматкерлерине милдеттендирилсин:
   - Калк арасында, диний уюмдарда, эс алуучу жайларда, маданий мекемелерде жана ишкерлер арасында “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамдын талаптарын, түшүндүрүү иштери жүргүзсүн;
   - Мыйзамдын аткарылышы үчүн аймактык милиция инспекторлору менен кызматташтыкты күчөтүшсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык иштер, мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды

**Төрага** **Н.Ибраимов**